# Жандоочтор



**Мугалим:Рыскелдиева А.З.**

# Жандоочтор

**Сүйлөмдө атооч сөздөрдү жандап, аларды башка сөздөр менен айкалыштырып, ар кыл грамматикалык маанини билдирген сөздөр жандоочтор деп аталат**

**Кыргыз тилинде жандоочторго** ***аркылуу, ары, башка, баштап, бери, бетер, бойдон, бойлой, бойлоп, бою, боюнча,гана, да, дейре (дере), деле, жараша, жете, жөнүндө, жуук, илгери, караганда, карай, карата,ката, катар, кийин, көздөй, көрө, көрөкчө, менен, мурун, өңдүү, сайын, сөрөй, соң, сымак, сымал, сыңар, сыяктуу, тарта, тартып, тууралуу, чакты,чалыш, чамалуу, чамасында, чейин (дейин), шекилде, шекилдүү*** **жана башка сөздөр кирет.**

**Кыргыз тилиндеги жандоочтор кайсы жөндөмөлөр менен жанашып айтыларына карай төрткө бөлүнөт**

**Атооч жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор**

***Мисалы:*** *аркылуу, бою, бойдон, боюнча, жөнүндө, менен, өңдүү, сайын, сыяктуу, тууралуу, шекилдүү ж.б.*

**Барыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор**

***Мисалы:*** *дейре, караганда, карай, карата, чейин ж.б.*

**Табыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор**

***Мисалы:*** *бойлоп, бойлой,ката, көздөй ж.б.*

**Чыгыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор**

***Мисалы:*** *ары, башка, баштан, бетер, бери, кийин, көрө, мурун, соң, тартып ж.б.*

## Жандоочтордун маани берүүчү сөз түркүмдөрүнөн айырмачылыгы

| | |
|---|---|
| Жандоочтор өз алдынча эч кандай суроого жооп бере албайт жана өздөрүнөн мурда келген атооч сөздөрдү жандап, аларга кошумча грамматикалык маани беришет. | Маани берүүчү сөз түркүмдөрү лексикалык жана грамматикалык мааниге ээ, белгилүү бир суроого жооп берип, өз алдынча синтаксистик кызматты аткарат. |
| Мисалы: Үйдөн ары чыкпайт. | Мисалы: Ары көздөй чыкпа. |
| Менден башка эч ким билбейт. | Башка иш тапшырылды. |
| Кечээтен баштап билинди. | Үйүрдү баштап баратат. |
| Эртеден бери күттүм. | Бери көздөй басты. |
| Алыңа жараша иш кыл. | Эмгегине жараша бааланды. |